жүгүртүүсү өсмөк тургай, турмуштук активдүү позициясы жок, рамкага салгандай чектелүү болуп калат. Дал ушул натыйжалар сабакта төмөнкү иш-аракеттерде даана көрүнүп турат.

**2-таблица**

| ОКУУТУНУН САЛТТУУ УСУЛДАРЫ | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Мугалим** | **Мугалимдин аракети** | **Окуучу** | **Окуучунун аракети** | **Окутуунун кыймылдаткыч күчү** |
| - окуучуну анча барктабайт;<br>- окуучунун мүмкүнчүлүгү-нө, күчүнө ишенбейт;<br>- окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн билбейт. | -мажбурлайт;<br>- буйрук берет;<br>- жазалайт;<br>-тил тийгизет;<br>- орой сөз айтат. | - мугалимге ишенбейт<br>- мугалимге каршы, ачуулуу;<br>- окууну жаман көргөнү байкалат. | - пассивдүү;<br>-мугалимдин талаптарын эч кызыгуусуз аткарат;<br>- чыгармачылыкты көрсөтпөйт;<br>-мугалимге чечилбейт. | - коркутуу;<br>- буюруу;<br>- тыюу салуу;<br>- жазалоо. |

«Заманбап окутуунун так максаты болот: мугалим окуучулардын эмнени үйрөнүшү керек экенин аныктаган так максаттарды иштеп чыгат. Усул тандаганда ошол максаттарга жетүү үчүн канчалык ылайык экенин эске алат. Кадам артынан кадам менен аталган максатка интерактивдүү ыкмалар аркылуу жетет» - деп Казакстандагы Назарбаев университетинин PhD-доктору Д. Шаматов өзүнүн *«Өнүгүүнүн өзөгү - мугалим»* аттуу дил маек китебинде белгилейт [4.178].

Изилдөөчүнүн ойлору бүгүнкү билим берүү системасынын негизги багыттары менен шайкеш келет. Айрыкча 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында мугалимдин ишмердүүлүгү окутуунун максатын так аныктоо, окутуу усулдарын туура тандоо жана окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим берүү процессин уюштурууга багытталышы зарыл. Демек, заманбап мугалим окутуунун ар бир этабында так максат коюп, интерактивдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучунун өз алдынча ойлонуу, талдоо жана чыгармачыл мамиле жасоо жөндөмүн өнүктүрүүгө жетишиши керек.

КРнын Агартуу министри Д. Кендирбаева белгилегендей, реформанын ийгилиги ата-энелердин, мугалимдердин жана коомчулуктун активдүү катышуусуна байланыштуу [3]. 12 жылдык билим берүү – Кыргызстандын билим берүү системасындагы эң маанилүү жаңылануулардын бири. Ал баланын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык сапаттуу билим алууга шарт түзүп, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоого өбөлгө түзөт. «Билим берүү – улуттун интеллектуалдык жана маданий потенциалын калыптандыруучу негизги фактор» деген тыянак чыгарууга болот. Биздин биргелешкен аракетибиз балдардын келечегин аныктайт жана билим берүү системасын дүйнөлүк стандарттарга жакындатат. 12 жылдык билим берүү системасы – заман талабына жооп берген сапаттуу билим берүү моделине өтүүнүн жолу. Бул системада методикалык жаңылануунун ролу өтө чоң: ал билим берүү процессинин мазмунун гана эмес, анын натыйжасын да аныктайт. Методикалык жаңылануу аркылуу окутуу сапаты көтөрүлүп, чыгармачыл, ой жүгүртүүсү өнүккөн, XXI кылымдын талаптарына жооп берген жаңы муун калыптанат.

**Кыргызстанда бул окутуу системасын ишке киргизүү менен:**

- билим берүүнүн мазмуну заманбап талаптарга ылайык жаңыланат;
- окуучулардын чыгармачылык жана илимий изденүү көндүмдөрү өнүгөт;
- эл аралык билим берүү мейкиндигине толук кандуу интеграциялоо шартталат;
- жаш муундун социалдык жана кесиптик көндүмдөрү жогорулайт.

Демек, 12 жылдык билим берүү системасын ийгиликтүү ишке ашыруу аркылуу Кыргызстан келечек муундун сапаттуу билим алуусун камсыздап, атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдай алат.

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасына өтүү - билим жылдарын узартуудан тышкары, окуу сапатын жогорулатууга багытталган маанилүү реформа. Бирок анын ийгилиги окуу методдорунун өзгөрүүсүнө түздөн-түз байланыштуу.

Заманбап педагогикалык ыкмалар, технологиялык колдоо жана окуучунун жеке жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган дифференцияланган методдор окуучуларга активдүү катышууга, критикалык ой жүгүртүүгө жана чыгармачыл чечим кабылдоого мүмкүнчүлүк берет. Эгер методикалык өзгөрүүлөр киргизилбесе, узак окуу жылдары да окуучулардын билим деңгээлин жакшыртууга жетишсиз болуп калат.

Андыктан, окуу методдорун модернизациялоо - 12 жылдык билим берүү системасын ийгиликтүү ишке ашыруунун жана сапаттуу билим берүүнүн кепилдиги болуп саналат. XXI кылымдын окуучусу маалыматты даяр түрүндө гана кабыл албастан, аны талдап, өз алдынча изилдеп, чыгармачылык менен төмөнкү технологияларды колдонууга тийиш.

- **интерактивдүү окутуу ыкмалары**;
- **STEM/STEAM технологиялары**;
- **сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү стратегиялары**;
- **санариптик билим берүү платформалары.**

Аталган окутуу технологиялары методикалык жаңылануу мугалимден да жаңы компетенцияларды талап кылат. Мугалим сабак берүүчү гана эмес, билим берүү процессин уюштуруучу, багыт берүүчү, фасилитатор катары иш алып барышы зарыл.

Методикалык жаңылануу билим сапатына түздөн-түз таасир этүү аркылуу окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүү жана чечим чыгаруу жөндөмү өнүгөт, теория менен практика айкалышып, билим күнүмдүк турмушка жакындашат**,** окуучу билимди даяр маалымат эмес, изденүүнүн натыйжасында алат, сабактын мотивациясы күчөп, окууга болгон кызыгуусун жогорултуу менен биргеликте эл аралык стандарттарга шайкеш келген сапаттуу билим камсыздалат.

Педагогикалык окуу жайыбыздын 100 жылдык тарыхы – билим берүү тармагындагы зор тажрыйбанын, илим менен практиканын үзүрлүү байланыштарынын күбөсү. Ошол тажрыйбага таянуу менен 12 жылдык билим берүү моделин ийгиликтүү ишке ашырууда өз салымын кошо алат деген ишеничтебиз.

**«Мен уксам... унутам, көрсөм... эске түшүрөм, өзүм жасасам.... түшүнөм»**

**(кытай макалы)**

Биз сиздерди - өз практикаңызда окутуунун ыкмаларын заманбап методдор менен байытууга чакырабыз.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. 12 жылдык билим берүүгө көчүү боюнча экспресс-маалымдама. 12 жылдык билим берүүгө көчүү. *Эң маанилүү 100 суроого жооп.* Бишкек, 2025.- 2-9.б
2. Выготский, Л.С. *Воображение и творчество в детском возрасте*. Москва: Педагогика. 1984.- 147 б.
3. Айтматова Г. Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүнүн мазмундук өзгөчөлүктөрү. Бишкек: «Илим».
4. Ибраимов Г. Билим берүү системасын жаңылоо жолдору. Ош, 2019. ОшМУ басмасы
5. Сайдилканов О., Шаматов Д. Өнүгүүнүн өзөгү-мугалим.Ош-2025.- 178.б.